| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

***«14» февраль 2023-жыл.*** ***№15/9*** ***Жар-Кыштак айылы.***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫК КЕЗЕКТЕГИ XV СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

Айыл аймагындагы мамлекеттик фондунун жерлери, айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз болгон жерлер жана мамлекеттик суу фондунун жерлерин, муниципиалдык менчиктеги мүлктөрдү пайдаланууну ирээтке келтирүү жана ижаралык төлөмдөрүнүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын, Жер Кодексин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-июнь 2007-жылдагы №243 «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу» токтомун жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн жандандыруу, жергиликтүү бюджетти толуктоо жана көбөйтүү максатында кошумча киреше булактарын табуу максатында жерлерди пайдаланууну ирээтке келтирүү жана ижаралык төлөмдөрдүн ставкаларын өлчөмүн бекитип берүү боюнча айылдык кеңештин айыл жана суу чарбасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы жана айыл өкмөтүнүн адистери тарабынан берилген сунуштарды айылдык кеңештин депутаттары талкуулап, сын пикирлерди жана сунуштарды эске алып Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Айылдык кеңештин айыл жана суу чарбасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын айыл аймагындагы бардык жерлерден өндүрүлүүчү төлөмдөр (салык, ижара акы, социалдык фондунун төлөмдөрү жана башка ушул сыяктуулар) боюнча даярдалган сунушу бекитилсин. (сунуш тиркелет 2 баракта).

2. Азыркы күндөгү инфляцияны эске алуу менен, бюджеттик каражаттарды максаттуу жана үнөмдүү пайдалануу, ички резервтерди изилдеп кошумча киреше булактарын табуу максатында, Ырыс айыл аймагындагы кум шагал карьерлерде келишимдин негизинде иш жүргүзүп жаткан жеке ишкерлер менен салык, ижара акы төлөмдөрүн карап чыгуу жана айыл өкмөтүнүн социалдык инфраструктурасын жакшыртууга колдоо көрсөтүү максатында, социалдык пакет ирээтинде пайдаланып жаткан аянтына жараша 1 гектардан орто эсеп менен 100 кубтан шагал акысыз берүү боюнча мурда түзүлгөн келишимдерге өзгөртүүлөр киргизүү иштери жүргүзүлсүн.

3. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**

Ырыс айыл кеңешинин
төрагасы Ш. Кадиркуловко

Ырыс айыл аймагынын экономикасын өнүктүрүү, бюджетин толуктоо жана депутаттардын, айыл өкмөтүнүн адистеринин арыз-сунуштарын эске алып, айыл өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик Фондунун жерлерин, айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз жерлердин, айыл өкмөтүнүн эсебине өткөрүлүп берилген суу фондусунун жерлеринен жана башка категориядагы жерлерден 2023-жылга өндүрүлө турган салык, ижара акысы жана социалдык фондунун төлөмдөрүнүн өлчөмдөрүн төмөнкүдөй сунуштайбыз.

| п/п № | Көрсөткүчтөр | | Жер аянты га | Анын ичинен | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ижара акы (сом) | Жер салыгы (сом) | Соц фонд (сом) |
| | **МФ жерлери** | | | | | |
| **I** | **Сулуу айдоо жер(калктуу коңуштарга жакын жер)** | | **116,0** | | **621*1,034=642,11** | **414** |
| | а | Фермер, дыйкан чарба, жеке чарба, айыл чарба кооперативтери жана асыл тукум чарбалар | 1 га | 8000 | 642,11 | 414 |
| | б | Жакыр үй бүлөөлөр (20%) | 1 га | 4000 | 642,11 | 414 |
| | в | Терек өстүрүү | 1 га | 7000 | 642,11 | 414 |
| | г | Саздак жерлер | 1 га | 3000 | 642,11 | 414 |
| | д | Чымчык-Жар участкасы | 1 га | 8000 | 642,11 | 414 |
| | е | Өздөштүрүлгөн жерлер | 1 га | 3000 | 642,11 | 414 |
| | ж | Калган жер | 1 га | 8000 | 642,11 | 414 |
| **II** | **Кайракы айдоо жер** | | **441** | | **48,73*1,034=50,39** | **41,3** |
| | а | Фермер, дыйкан чарба, жеке чарба, айыл чарба кооперативтери жана асыл тукум чарбалар | | 400 | 50,39 | 41,3 |
| | б | Кайракы жер (каткалаң кайракы) | | 200 | 50,39 | 41,3 |
| | в | Кайракы жерге эгилген бак дарак | | 440 | 50,39 | 41,3 |
| **III** | **Бак дарак жерлер** | | **46** | | **220** | **220** |
| | а | Бактар | | 7000 | 220 | 220 |
| | б | Терек | | 7000 | 220 | 220 |
| **IV** | **Чөп орок жер** | | **57** | **700** | **30,9** | **30,9** |
| **V** | **Суу чарбасынан өткөн жерлер** | | | | | |
| | Калктуу коңуштарга жакын жер (Айдын) | | | | | |
| | а | Эски жерлер | | 8000 | 642,11 | |
| | б | Таштак жерлер | | 3000 | 642,11 | |
| | в | Жаңы өздөштүрүлгөн жер | | 3000 | 642,11 | |
| | Чымчык-Жар участкасы | | | | | |
| | а | Эски жерлер | | 8000 | 642,11 | |
| | б | Жаңы өздөштүрүлгөн жер | | 3000 | 642,11 | |
| **VI** | **Айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз жерлер** | | | | | |
| | а | Жеңил типте жана ар түрдүү курулуш курууга | | * | * | х |
| | б | Айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз жерди өздөштүрүп айыл чарба эгиндерин эгүү үчүн | | 3000 | ** | ** |
| | в | Жаны эгилген бак | | 2000 | ** | ** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | г | Айыл чарба жерлерин башка багытта пайдалангандыгы үчүн | | * | * | x |
| | д | Кыш заводу карьер (бир жылына) | 1 га | 20000 | | |
| | е | Шагал каръер (бир жылына) | 1 га | 10000 | | |
| | ж | Топурак каръер (бир жылына) | 1 га | 10000 | | |
| | з | Уюлдук байланыш антеналарын орнотуу | Ар айы сайын | 8000 | | |
| | и | Таза суу скважыналарын ижарага алуу | Ар ай сайын | 7000 | | |
| | й | Айыл өкмөтүнүн аймагында ар түрдүү суусундуктарды сатуу үчүн | Ар ай сайын | 2000 | | |

**Эскертме:**

(*)-бул жердин салык төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын 18.01.2022-жылдагы №3 Салык Кодексинин 403-404 беренелери негизинде эсептелинет, ижара акысы болсо ушул салыктын көлөмүнө карата 1-10 эсеге чейин белгиленет.

Айыл чарбалык эмес багыттагы жерлерден алынуучу салыкты айылдык кеңеш тарабынан бекитилүүчү экономикалык пландашырылуучу зоналар учун (Кз) коэффиценти:

I-зона: Ладан-Кара, Күмүш-Азиз, Кургак-Көл, Жар-Кыштак, Арал-Сай, Тотия, Ырыс, Масадан, Дөмөр айылдары (Ош-Бишкек, Сузак-Жалал-Абад)- **1,2**

II-зона: Чымчык-Жар, Сасык-Булак, Кайнар, Кыр-жол айылдары:-**1.**

(**)-бул пункуттарда жер салыгы жана соцфонд төлөмдөрү жердин категориясына карап белгиленет жана бул пункттарда көрсөтүлгөн ижара акысы 3 жылга чейин күчүндө калат, андан кейин ижара акысы МФ жерлеринин I пункутары боюнча өндүрүлөт.

Айыл жана суу чарбасы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары: Салиев У.

Комиссия мучөөлөрү:

Карamatов Б.

Абдусаттаров А. — Эргашев А.

Камилов У. — Алибаев З.

Бегимкулов Д. — Маматов Б.

Эназаров. М. — Абжалилов У.

Джуманазаров М. — Сатвалдиев Н.

Адапов М. — Камчиев З.

Астанаев Т. — Абдувахабов А.

Батиров А. — Гайназаров А.

Абдухалилов З. — Абдулхамидов А.

Узаков А. — Усанбай уулу Н.

Жалалов А.